**И.Бекбоев**, Кыргыз билим берүү
Академиясынын (КАО-КББА),
*мектепке чейинки жана мектептик
билим берүү* **Борборунун** *директору*,
Кыргыз Эл мугалими, КИА-нын
*корреспондент-мүчөсү,
п.и.д., профессор*

# Баланы тарбиялоо үчүн аны үйрөнүү, билүү керек

Чын эле баланы атайын үйрөнүп билүү керекпи? деп сурашаар ата-энелер, мугалимдер, тарбиячылар! Ансыз деле биз баланын кандай болушу керек экенин, андан эмнени талап кылыш керек экенин жакшы билебиз, жана ошого карата аны тарбиялайбыз деп ойлошот!

Мисалы: биз бала чынчыл, өз ишине жоопкерчиликтүү, ак ниет болсун дейбиз жана андан дал ошондой жүрүм турумду талап кылабыз: аны туура жүрүш турушу үчүн мактайбыз, натура иш кылса жазалайбыз ж.у.с. дешет.

Кыскасы балага болгон үмүт, аны тарбиялоонун планы, максаты эң сонун, бирок иш жүзүндө негедир баланын алган тарбиясы биз каалагандай болбой чыгат. Анын себеби эмнеде? Анын себеби мына мында: ар бир бала тарбиялык таасирге, биздин берген тарбиябызга билгенинче жооп берип кабылдайт, өзүнүн ички сезимине карата реакция кылат. Тарбиялык бир эле таасирге (мисалы: мындай иште, мындай жүр, тигини иште деген биздин буйругубузду) түрлүү бала түрдүүчө кабылдап түрдүүчө иш кылат.

Балдар биздин келечегибиз! Бүткүл элдин жыргалчылык тагдыры балдарды туура тарбиялоого көз каранды.

Үй-бүлөөлүк турмуштун негизги максаты, маани-маңызы – балдарды тарбиялоо.

Баланы тарбиялоо үчүн аны билүү керек» - дегенди кандайча түшүнүүгө болот?

1) Ата-энелер, мугалимдер ар бир баланын өзүнчөлүк кулкмүнөзүнө, анын өздүк жөндөмүнө, келечекке умтулуу аракетине такай байкоо жүргүзүп, системалуу түрдө иликтеп, алынган жыйынтыктарын сөзсүз жазуу түрүндө фиксациялап туруу менен тиешелүү корутунду чыгарып туруулары зарыл.

2) Мында алар бир эле тарбиялык аракет ар түрлүү балдардын ар бирине түрдүүчө таасир эте тургандыгын сөзсүз эске алышканы жакшы.
3) Баланын реакциясы көп нерсеге: анын муктаждыгына, эмоцабалына, адилетсиз жазаланып кыжырланып тургандагы абалына ж.б. байланыштуу болот.

Эгерде балада ишке жоопкерчиликтүү сезим жок болсо, анда анын иштеген ишинен эч майнак чыкпайт. Ошондуктан баланы тарбиялоодо биринчи ирээтте анын ишке жоопкерчиликтүү болуу сезимин калыптандыруудан баштоо максатка ылайык экендигин унутпоо абзел.

Баланын тарбиялык таасирге болгон реакциясы көп нерсеге көз каранды болот: анын муктаждыгына жана багыттуу иш аракетине; анын калыптанып калган инсандык касиеттеринин өзгөчөлүктөрүнө; анын эмоционалдык абалына; тарбияны берип жаткан адамдын сапатына; ал гана эмес дал ошол тарбиялык таасир этип жаткан моментте ал кандай иш менен алек болуп жаткандыгына … көз каранды. Мисалы: бала бир нерсеге таарынып, ачуусу келип турган кезде ага (айталык, кыйкырбай акырын сүйлө, үйдү тазалап кой, чаканы төгүп кой, уйду сугарып кой …) деген сыяктуу биздин тапшырмабызды ал аткарбай, одоно каяша айтышы мүмкүн же тескерисинче, ошол эле бала көңүлү жайында болуп турган кезде: сиз эмнени буюрсаңыз ошону жасашы мүмкүн. Ал эми жаш өспүрүмдүн көңүлү (настроениеси) эң эле тез өзгөрүп турат эмеспи. Ошондуктан, бала азыр кандай абалда, кандай көңүлдө (настроениеде) тургандыгын билбей туруп, же аны менен эсептешпей туруп ага мамиле жасоо бизди өтө начар жыйынтыкка дуушар кылат. Баланын сырткы көрүнүшү (сүйлөгөн сөзү, жүрүш турушу, иштеген иши ….) анын чыныгы маңызын так чагылдырбайт. Ал бир эле ишти ар түрдүү мотивдин негизинде, ар түрдүү муктаждыктан иштеп жатышы ыктымал.

Мисалы: окуучу эмне үчүн жакшы баа алууга тырышат? же ал ар бир ишти ак ниеттүү аткарууга үйрөнгөндүктөнбү? же ал башкаларга акылдуу болуп көрүнөйүн дегендиктенби? же ал жаман баа үчүн ата-энесинен тил укпайын дегенденби?... Ошол эле сыяктуу: эмне үчүн бала автобуста өзүнүн ордун улуу кишиге бошотуп берди (ал чын эле кичи пейилби же, ошондой деп айтсын деппи) же кары кишинин жүгүн көтөрүп үйүнө жеткирип жардам берди: ага боор ооругандыктанбы же жөн эле башкаларга жакшы көрүнөйүн дегендиктенби? Бир сөз менен айтканда баланы тарбиялоодо анын иштеген ишинин, жүрүш турушунун мотивдерин, чыныгы муктаждыктарын билбей туруп иштөөгө болбойт.

Бала канча жашта болсо да эгерде анын жоопкерчиликти сезүүсү жок болсо, ал ар кандай ишти жөн эле аткарбай коёт (мисалы: сабакка даярданбай барат, же барбай да коёт, чоңдордун айткан акыл насаатын укпайт ж.б.). Мындай балага аны уяткаруу, ар намысына таасир этүү эч натыйжа бербейт. Ал уялып, намыстанганды билбейт, сезбейт, мун үчүн адегенде ага дал ушундай (уялуу, намыстануу, жоопкерчиликти сезүү деген сыяктуу) касиеттерди калыптандыруу керек, ансыз ага жасалган тарбиялык аракеттер эч натыйжа бербейт.

Мында бир кызык нерсеге көңүл буруута туура келет. Ата-энелер, мугалимдер негедир баланы билим алууга, сабаттуу болууга ага сөзсүз үйрөтүү керек экендигин жакшы билишет, бирок адептик сапаттар өзүнөн өзү эле бара-бара калыптанат деп ойлошот. Мисалы, атасы же энеси, ошондой эле мугалим балада окууга жоопекерчиликтүү мамиле кылуу сезими калыптанганбы же жокпу аны билбей туруп эле «ырас жашың мынчага келип калды демек сен сөзсүз окууга жоопкерчиликти сезишиң керек» деп аны жемелей баштайт. Бул туура эмес. Муну момундай көрүнүш менен салыштырууга болот: Эгерде окуучу бала тригонометрияны окуй элек болсо, анда ага тригонометриялык маселени чыгарууну сунуш кылууга болбой турганын мугалим жакшы билет. Ошол эле сыяктуу эгерде балада тигил же бул адептик касиет (мисалы: ишке, окууга жоопкерчилик) буга чейин калыптанбаган болсо анда жашы жетип калды деп эле андан дал ошондой адептик касиеттердин аткарылышын талап кылууга болбойт.

Ошентип, биздин тарбиялык ар кандай аракетибиз натыйжалуу болсун үчүн адегенде баланын эмоционалдык абалын, анын муктаждыгын керектөөлөрүн, иштеген ишинин мотивддерин (эмне үчүн аны иштеп жаткандыгын) жана ошондой эле анын жалпы сапатын, өзгөчөлүгүн, адептик өсүү деңгээлин, инсандык сапаттарын билүү зарыл.

Ар бир адамдын инсандык касиети анын үч сапаты менен аныкталат:

1) Анын эмгекке (акыл эмгегине, күч эмгегине) болгон мамилеси. Ал эмне иштеп, эмнени жасап жатат жана аны кандай сапатта жасап жатат??

Энгельс: - Адам <u>инсан </u>катары эмне жасап жатканы, менен жана аны кандай жасап жатканы менен аныкталат – деген.

2) Адамдын коомдук ишке, коомдук ишмерликке болгон мамилеси. Адам коомдук ишке канчалык активдүү катышса, ал башкалардын ишин канчалык жүрөгү менен кабыл алса, ал коллективдин ишинин ийгилигине канчалык сүйүнсө, же оңунан чыкпай калганына канчалык капаланып күйүнсө, биздин алга жылуубузга каршы тургандарга ал канчалык келишпестик менен күрөшсө ал ошончолук <u>ири инсан</u>, анын коомдук прогресске кошкон салымы ошончолук зор.

Тескерисинче, эгерде адамдын жасаган иши канчалык өзүнүн жеке эгоистик кызыкчылыгынын чегинен ашпаса, анда анын инсандык сапаты, коомдук наркы ошончолук жупуну, ошончолук төмөн болот.

3) Адамды инсан катары аныктай турган 3-чү белги – бул анын башка адамдарга жасаган мамилеси. Мындай мамиле анын күндөлүк жүрүш турушунан көрүнөт. Адамдын жүрүш турушу, анын кылык жоругу социалдык мааниге ээ, анткени ал айланадагы башкалардын кызыкчылыгына таасир этет, алар тараптан тиешелүү реакцияны пайда кылат. Мисалы: автобуста, башка коомдук жайларда анын кыйкырып сүйлөп, эч кимди көзүнө албай катуу күлгөнү, же какырынып – түкүрүнүп сөгүнүп турганы,ж.б. жоруктары албетте, башкалар тарабынан жагымсыз пикир жаратат.

Балдарды тарбиялоодо, алардын **адептик** мүнөзүн калыптандырууда үй-бүлө мүчөлөрүнүн, өзгөчө ата-энелердин бири бирине жасаган мамилеси, алардын үй-бүлөөлүк жана эмгектик традициялары чоң мааниге ээ. Ата-эненин өндүрүштөгү ишке болгон мамилеси, өз жоопкерчиликтерин сезүүсү алардын балдарына таасир этет.

Чынында эле баланын эмгекке үйрөнүүсү, кесипке багыт алуусу, алгачкы билимге билгичтикке, көндүмдөргө ээ болуусу үй-бүлөөдөн башталат эмеспи. Мунун маанисин билим берүүнүн мазмуну аркылуу чечмелеп көрсөтөлү.

Билим берүүнүн мазмуну негизинен төрт компоненттен турат.

Алар: 1) айлана-чөйрө, коом, турмуш жөнүндөгү закондор, эрежелер, жоболор.

2) билгичтиктер – билимдерди көргөн үлгүсү боюнча турмушта, практикалык ишмердүүлүктө пайдалана билүүнүн тажрыйбасы.

3) билимдерди жана билгичтиктерди турмуштук күтүлбөгөн ситуацияларда, мурда үлгүсүн көрбөсө да колдоно билүүчүлүк – муну чыгармачылык менен эмгектенүүнүн тажрыйбасы дейбиз.

4) тарбиялуулуктун, адептүүлүктүн чындыктагы объектилерге туура баа бере билүүнүн нормалары.

1-2-3- компоненттер негизинен мектепте калыптандырылышы керек.

4- компонентти калыптандыруу көбүнчө үй-бүлөөнүн милдети. Бул негизги элемент болуп эсептелет. Бекеринен айылда адамды анын билимине карата эмес анын адамкерчилигине, адептүүлүк мүнөзүнө, тарбиясынын, маданиятынын сапатына карата баалашпайт.

Элдин арасында кайсы киши чоң кадыр баркка ээ? Эмгекчил, бооррукер, жакшы кошуна, өз балдарын туура тарбиялаган, мектеп ишине

кол кабыш кылып колунан келишинче жардам берген адам! Чоң кадыр баркка ээ.

Конституциянын тиешелүү беренелерине ылайык ата-энелер өз балдарын тарбиялоого, коомдук пайдалуу эмгекке үйрөтүүгө, коомдун татыктуу мүчөлөрү кылып өстүрүүгө милдеттүү. Ошондой эле балдар ата-энелери жөнүндө кам көрүүгө жана аларга жардам көрсөтүүгө милдеттүү. Бул жагынан алганда балдар – ата-энелердин күзгүсү десек да болот. Ата-эненин жүрүм-туруму – эң негизги тарбиялык фактор. Сиздер баланы аны менен сүйлөшүп жатканда, акыл-насаат айтып жатканда, же ага бир нерсени буйруп жатканда эле тарбиялап жатам деп ойлобоңуздар. Сиз баланы өзүңүздүн турмушуңуздун ар бир моментинде, ал гана эмес үйүңүздө болбогон кезиңизде да тарбиялайсыз. Сиз кандай кийинесиз, башка адамдар менен кандай сүйлөшөсүз, алар менен эмнелер жөнүндө сүйлөшөсүз, өзүңүздүн жолдошторуңузга жана душмандарыңызга кандай мамиле жасайсыз, кандай күлөсүз, китепти, гезитти кандай окуйсуз – мына ушунун бардыгы балага тарбиялык таасир этет.

Сиздин үнүңүздүн кандай тондо чыгышына карата, оюңуздун кандай болуп жатканын бала сиз байкабасаңыз да сезип турат. Эгерде сиз үйүңүздө же орой, же мактанчаак, же мас болсоңуз, барыдан жаманы аялыңызды (күйөңүздү) мазактасаңыз муну менен сиз балдарга эң зыян келтиресиз, анын түпкүлүгү кейиштүү болот.

Мугалимдерден, жалпы окурмандардан өтүнүч:…

Сиздер балдарды тарбиялоодо кыргыз элинин үй-бүлөөсүнүн өнүгүшүнүн жана калыптанышынын тарыхы, анын элдик педагогикасы, материалдык жана рухий өрнөктүү салттары камтылган адабияттардан пайдалансаңыздар! Ошондо гана сиздердин ишиңиздер натыйжалуу болушу мүмкүн. Анткени мындай адабияттардагы үй-бүлөө мүчөлөрүнүн мамилелери, балдардын ата-энеге ызаат кылуусу ж.б. жөнүндөгү төмөнкүдөй маалыматтарды пайдалануу балдарды эч убакта кайдыгерчилик мамиледе калтырбайт. Андай маалыматтардын айрымдары:

• Атаны көрүп уулу өсөт, энени көрүп кыз өсөт!

• Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт!

• Энесин көрүп кызын ал! Эшигин көрүп төрүнө өт!

• Агасын чапса балаңыз
Атасын урам дегени!

• Эжесин чапса балаңыз
Энесин урам дегени!

• Атаң карыса кул кылба,
Энең карыса күң кылба!

• Атаңа эмне кылсаң
Балаңдан ошону көрөсүң!
• Бала жакшы атанын даңкы,
Кызы жакшы эненин даңкы.
• Бузулар үйдөн ырк кетет,
Атасынан адилдик кетет,
Баласынан намыс кетет,
Энеси айыңчы, келини ууру болот!